# “Бакай Банк” ААКта резидент эмес кардарларга эсеп ачуу үчүн документтердин тизмеси

**Резидент эмес жеке адамдарга эсептешүү эсебин ачуу үчүн төмөнкүдөй документтер талап кылынат:**

1. Кардардын анкетасы;
2. Эсеп ачууга арыз. Ага кардар тарабынан кол коюлушу керек;
3. Эсепти тескөөчүлөрдүн кол тамгаларынын үлгүлөрү коюлган карточка;
4. Кардардык эсептерди ачуу жана жүргүзүү жөнүндө келишим;
5. Чет элдик жарандын паспортунун көчүрмөсү же Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген же Кыргыз Республикасынын эл аралык макулдашууларына ылайык өздүгүн тастыктоочу документ катары эсептелүүчү башка документтин көчүрмөсү*;
6. Чет элдик жарандын же жарандыгы жок адамдын Кыргыз Республикасында жүрүү (жашоо) укугун тастыктоочу документтин көчүрмөсү (талап кылынганына жараша).

5-пункттагы талаптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мөөнөттөрдө төмөнкү жарандарга карата колдонулбайт:

- Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн мөөнөтү 60 күндөн ашпаса, визасыз режим колдонулуучу жарандарга (Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын жарандары үчүн – 90 күн);
- Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн мөөнөтү 60 күндөн ашпаса, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши менен макулдашылгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тизмеде каралган, жөнөкөйлөтүлгөн визалык режим колдонулуучу жарандарга.

Чет элдик жарандын Кыргыз Республикасынын аймагына кирген убактысын аныктоо үчүн паспорттогу штамптын көчүрмөсү же Кыргыз Республикасына кирген датасын тастыктоочу башка документтин көчүрмөсү талап кылынат.
*Эскертүү: Кардар документтерди берүүдө таанышуу жана салыштырып текшерүү үчүн көчүрмө чыгарылган документтин түп нускасын сунуштайт.